# «КУМТӨР» жаңылыктары

КОМСОМОЛЬСКАЯ ПРАВДА Кыргызстан
ГЕЗИТИНИН АТАЙЫН САНЫ

ШАРШЕМБИ, 16-ДЕКАБРЬ, 2020-ж.

РЕГИОНДУ ТУРУКТУУ ӨНҮКТҮРҮҮ



## Бул санда

**«КУМТӨР» КЫРГЫЗСТАНГА КОРОНАВИРУС МЕНЕН КҮРӨШҮҮГӨ БИР НЕЧЕ МИЛЛИОНДУК ЖАРДАМ БЕРДИ**
Жакшы ишке ишкананын катардагы кызматкерлери да кошулду.
4-6бет

**КОЛЛЕКТИВДИ КОРОНАВИРУСТАН САКТОО: «КУМТӨР» ПАНДЕМИЯ ШАРТЫНДА КАНДАЙ ИШ АЛЫП БАРДЫ**
Өлкөбүзгө вирустун кириши менен ишканада көптөгөн катаал санитардык эрежелерди киргизди.
7-6ет

**ДЫЙКАНДАРГА – ҮРӨН, АЙЫЛДЫКТАРГА – СУГАТ СУУ**
Алтын казуучу кен өткөн жылы өнөктөштөрдүн кандай социалдык маанилүү долбоорлорун жана демилгелерин колдоду.
10-бет

**АЙЫЛДЫ КӨТӨРҮҮ – ИНВЕСТОРДУН МИЛДЕТИ**
2020-жылы Ысык-Көл облусунда алтын казуучу компаниянын колдоосу менен киргизилген долбоорлорго сереп.
11-бет

**ЭКОЛОГИЯГА КАМ КӨРҮҮ - ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮНҮН ӨБӨЛГӨСҮ**
Компания курчаган чөйрөнү жана туруктуу өнүгүүнү коргоо боюнча иш-чараларды кантип аткарат. Too өнөр жай гигантынын жылдык отчетундагы башка маселелер
14-бет

## ҮЧ ЧЕЙРЕКТИН ЖЫЙЫНТЫГЫ:

# КЫРГЫЗСТАН «КУМТӨРДӨН» 10,21 МЛРД СОМ САЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ЧЕГЕРҮҮЛӨРДҮ АЛДЫ

Жыл башынан бери 14,5 тоннага жакын алтын өндүрүлдү.

«Центерра» компаниясы жана «Кумтор Голд Компани» 2020-жылдын III чейрегин жана 9 айлык ишин жыйынтыктады. Кыргызстандын бийик тоолуу кенинде жыл башынан бери дээрлик **14,5 тонна** алтын өндүрүлдү. Үч чейректин жыйынтыгы менен инвестор мамлекеттин казынасына салык жана милдеттүү төлөм түрүндө **10,21 млрд** сомдон ашык каражат бөлүп берди.

Бул мезгил ичинде дээрлик **14,7 тонна** алтын өндүрүлдү. Кымбат баалуу металлды сатуудан түшкөн жалпы киреше **803,5 млн** долларды түздү. Кумтөрдө өндүрүлүп жаткан Доре куймаларын Кара-Балтадагы аффинаждык ишканада андан ары кайра иштетүү үчүн «Кыргызалтын» сатып алат. Ушул компания гана Кыргызстанда жана анын аймагынан тышкары аффинаждалган алтынды жана күмүштү сатуу укугуна ээ.

***Компаниянын өндүрүштүк цифра менен көрсөтүлгөн жыйынтыктарын 3-беттен карагыла***

# «КУМТӨР» ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНДАГЫ ЭНЕРГИЯ ЭФФЕКТИВДҮҮ КУРУЛУШКА КӨМӨК КӨРСӨТӨТ

Компания энергия сактоочу “жашыл” технологиялардын артыкчылыгы жана колдонуу ыкмалары боюнча окутуучу долбоорду каржылады.

Seico коомдук бирикмеси “Кумтөр” компаниясынын финансылык колдоосу менен “Региондогу энергия эффективдүү курулушту жайылтуу” долбоорун ишке ашырды. Долбоордун бюджети 130 миң долларды түздү.

Демилге Жети-Өгүз жана Тоң райондорунун калкынын энергия сактоочу “жашыл” технологияларды колдонуунун артыкчылыгы жана ыкмалары жөнүндө маалымдуулугун жогорулатууга багытталган. Башка милдеттердин катарында – “жашыл” көндүмдөрдү жана ноу-хау, ошондой эле курулуштардын жер титирөөгө туруктуулугун камсыздоо боюнча жергиликтүү курулушчулардын базалык көндүмдөрүн жана жеке курууучуларын жогорулатуу. Долбоордун акыркы максаты – жаңы энергия эффективдүү жана коопсуз үйлөрдүн санын көбөйтүүгө окуу компоненти аркылуу жетишүү.



Долбоордун максаттуу тобу болуп жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, калк, өзгөчө жумушсуз жаштар, кыздар жеке курууучулар жана курулушчулар эсептелди.

Долбоордун алкагында Тоң жана Жети-Өгүз райондорунун тандалган пилоттук айылдарында көрсөтмө үлгүлөр менен (социалдык объектилерге жана жеке үйлөргө энергоаудит жүргүзүү, курулуштун сапатын текшерүү) маалыматтык кампаниялар болуп өттү. Тандалган объектилерде уюштуруучулар курууучулар үчүн окутуучу практикалык тренингдерди өткөрүштү. Ал эми жергиликтүү курулуш бригадалары Seico бирикмесинин инженерлеринен жана эксперттеринен алар иштеген конкреттүү объектилер боюнча консультация алышты.



**Авторлор региондогу ушул долбоорду ишке ашыруу менен курулуш сапатын жакшыртууга ишеним артышат.**

Окутуу курулушчулардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатат, бул алардын кирешесинин өсүшүнө алып келет деп ишенет идеянын автору. Жыйынтыгында жергиликтүү курулуш компанияларынын маалымат базасы түзүлүп, ал өз кызматтарын эки районго эле эмес, бүтүндөй Кыргызстанга сунуштай алат.

ДЕМИЛГЕ

## АЙЫЛДАГЫ ТИГҮҮ БИЗНЕСИ




**Тигүү цехтерин ачуу – чакан бизнестин жана иш менен камсыздоонун өнүгүшүнө салым.**

«Кумтор Голд Компани» региондогу туруктуу тигүүчү чакан цехтерди уюштуруу жана өнүктүрүү аркылуу жумуш орундарын түзүү боюнча демилгени колдоду. Бюджети 118 миң долларды түзгөн долбоорду “Инсан мууну” коомдук фонду ишке ашырды.

Алтын казуучу компаниядан белгилегендей, өнөктөрдүн алдында Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунда дүңүнөн тигүүнүн сапаттуу кызматтарын көрсөтө ала турган үчтөн бешке чейин адистештирилген тигүүчү чакан өндүрүштөрдү ишке киргизүү милдети турат. Ошентип, Жети-Өгүз районунда жүзгө чейин жаңы жумушчу орун ачылышы мүмкүн. Максаттуу топто – цехти жетектей ала турган 18ден 50 жашка чейинки курактагы жергиликтүү аялдар жана жаш тигүүчүлөр (35 жашка чейин). Бенефициарлар туруктуу жумушка ээ болушат жана айына 15-25 миң сомго чейин табышат.

– Тигүү цехтерин ачуу – жергиликтүү жамааттардын, чакан бизнестин жана иш менен камсыздоонун өнүгүшүнө чоң салым болуп эсептелет. Мындай туруктуу демилгелерге колдоо көрсөтүү – региондогу социалдык инвестициялардын негизги багыттарынын бири, мында “Кумтөр” өзүнүн операциялык ишин жүргүзөт – деп кошумчалады компаниядан.

РАСМИЙ

## ЖАК «КУМТӨР ГОЛД КОМПАНИ» КАЛДЫК САКТОООЧУ ЖАЙДЫН (ХВОСТОВОЕ ХОЗЯЙСТВО) ОБЪЕКТИЛЕРИН КУРУУ ДОЛБООРУНУН АЛКАГЫНДА ЖЕР КАЗУУ ИШТЕРИН ЖҮРГҮЗҮҮГӨ КОММЕРЦИЯЛЫК СУНУШТАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ ТУУРАЛУУ ЖАРЫЯЛАЙТ

КГК тандоодон өткөн талапкерлер менен гана байланышат.

KUMTOR КУМТӨР

centerraGOLD

Толук маалымат **www.kumtor.kg сайтында,** «Сатып алуулар жана логистика» – «Кумтөр» кызматташууга чакырат» бөлүмүндө берилген. Ылайыктуу жабдуусу жана тажрыйбалуу кызматкерлери бар кызыктар уюмдар жана жеке ишкерлер өз коммерциялык сунуштарын А4 форматындагы бекитилген конвертте, үстүнө «2021-2022-ж.а. Калдык сактоочу жайдын чарбасынын объектилеринин курулушу» деп жазып **2021-жылдын 10-январынын кечки саат 17.00гө** чейин көрсөтүлгөн даректердин бирине тапшыруусу керек:

Бишкек ш., Ибраимов көч. № 24, «Учкун» ААКтын имаратынын түндүк тарабындагы гаражга кире беришиндеги КГК КК постуна;

Жети-Өгүз району, Тамга айылы, «Волна» маалымат борборуна.

КГК келген сунуштарды толугу же бөлүгү менен кабыл алууга же четке кагууга, эң атаандаш коммерциялык сунуш бере алган жана КГКнын талаптарына дал келген мыкты талапкерлерди тандаганга укуктуу. Ошону менен бирге, бардык шарттар бирдей аткарылган учурда, артыкчылык Жети-Өгүз, Тоң райондорунун жана Балыкчы шаарынын талапкерлерине берилет. КГК тандоодон өткөн талапкерлер менен гана байланышат.

**Екатерина РОЗИНА. Фото: kumtor.kg**

# 2020-ЖЫЛДЫН ТОГУЗ АЙЫ

СЕНТ 30

KUMTOR
КУМТОР

centerraGOLD

## КР мамлекеттик бюджетине төлөмдөр жана башка милдеттүү төгүмдөр

**10,21 МИЛЛИАРД СОМ**

**112 775 038**
АКШ доллары менен төлөмдөр

**8 861 187 956**
Төлөмдөрдүн эквиваленти сом менен

**87 584 132**
Дүң кирешеге салык

**7 772 076**
Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондуна салым

**17 108 830**
Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фондуна төлөм

**310 000**
Экологиялык төлөм

**1 352 659 997**
Сом менен төлөмдөр

**222 247 261**
Кызматкерлердин кирешесине салык

**1 045 935 050**
КР Социалдык фондуна төлөмдөр

**20 066 678**
Бажы төлөмдөрү

**25 665 534**
Резидент эместердин кирешесине салык

**38 745 474**
Башка салыктар жана милдеттүү которуулар

**Өндүрүлгөн алтын**
465 734 унция / 14,48 тонна

**Сатып өткөрүлгөн алтын**
472 572 унция / 14,70 тонна

ЭСКЕРТМЕ:
2009-жылдын 24-апрелиндеги "Кумтөр" долбоору боюнча жаңы шарттар жөнүндө макулдашууга ылайык, дүң киреше салыгын жана Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондуна салымды эсептөө үчүн негиз катары көрсөтүлгөн мезгилдеги продукцияны сатуудан түшкөн иш жүзүндөгү акча каражаты саналат.

Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фондуна төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, «Центерра Голд Инк» жана КГК ортосунда 2017-жылдын 11- сентябрда түзүлгөн Стратегиялык келишимине ылайык жана 2019-жылдын 7-августунда каралган Кошумча төлөмдөрдү эске алуу менен жүргүзүлөт.

@kumtorgold
@kumtorkg
Kumtor Gold
www.kumtor.kg

# «КУМТӨР» КЫРГЫЗСТАНГА КОРОНАВИРУС МЕНЕН КҮРӨШҮҮГӨ БИР НЕЧЕ МИЛЛИОНДУК ЖАРДАМ БЕРДИ



Инвестор жана облустук өнүктүрүү фонду тарабынан бөлүнгөн акчага жеке коргоочу каражаттар, ошондой эле региондогу ооруканалар үчүн медбуюмдар сатылып алынды.

## Жакшы жөрөлгөгө компаниянын катардагы кызматкерлери да кошулду.

Дүйнө жүзүн жойлогон жаңы вирус өнүккөн мамлекеттердин дагы саламаттык сактоо системасынын аялуу жана чабал жерлерин ачыктады. Кыргызстан үчүн пандемия чоң сыноо болгонун айтпасак да түшүнүктүү, бул апааттан тышкы колдоосуз кутулуу мүмкүн эмес эле. "Кумтөр" алтын казуучу компаниясы биринчилерден болуп кыргызстандыктарга кол сунду.

### Жалпы душманга каршы биригип

Эпидемиологиялык кырдаалдын курчуп кетүүсүн алдын ала эске алып, ушул жылдын март айында эле канадалык инвестор жеке коргонуу каражаттарын (ЖКК) сатып алууга 100 миң доллар бөлүп берген. ЖККын региондун бардык райондук жана шаардык ооруканаларына өткөрүп беришкен. Бюджети "Кумтөр" компаниясынын жылдык дүң кирешесинин 1% өлчөмүндөгү чегерүүлөрүнөн түзүлгөн Ысык-Көлдү өнүктүрүү фонду ошол учурда облустук медициналык мекемелерге медициналык буюмдарды, жабдууларды жана дарыларды, ошондой эле коронавирусту алдын алууга тартылган кызматтар үчүн коргоочу комплекттерди, беткаптарды антисептиктерди сатып алууга 12 млн сом сарптады. Жаз айларынан бери коронавирус инфекциясы менен баатырларча күрөшүп келе жаткан кыргызстандык медиктерге кол кабыш кылуу менен компаниянын кызматкерлери дагы жоопкерчилик, биримдик жана жардамын аябаган аракеттерин көрсөтүштү. Алтын казуучу компаниянын жетекчилиги тарабынан уюштурулган ыктыярдуу көмөктөрдү чогултууга катардагы кызматкерлер да катышты.

Саламаттык сактоо министрлиги үчүн Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын эсебине апрелде жана июнда кумтөрчүлөрдөн 300 миң сом которулду.

Чогултулган каражаттардын башка бөлүгү Жети-Өгүз районунун Кызыл-Суу айылынын райондук ооруканасы үчүн эки муздаткыч жана ЖКК комплекттерин сатып алууга жумшалды. "МАК" жүк ташуучу унааларынын айдоочулары жана Балыкчыдагы өткөөл базанын кумтөрчү диспетчерлери Балыкчы аймактык шаардык ооруканасына жардам беришти. Өздөрүнүн күчү менен чогултулган 350 миң сомго алар дары, антисептик, жеке коргонуу каражаттарын жана эки кычкылтек концентраторун сатып алышты.

### Толук дем алууга жардам берип

Жай мезгилинде оору күчөп турган маалда ковидден жабыркаган бейтаптарга дем алууга жардам берген бул аппараттар дефицит эле. Кычкылтек концентраторлору региондордо тартыш болду. Бишкек кычкылтек жабдуулары жетишпей жабыркап турган.

Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан COVID-19дун бир түрү катары аныкталган пневмониянын ооруканадан тышкары очогу тутанганда, инвестор 90 кычкылтек концентраторун сатып берген. 38 даанадан турган медициналык жабдуулардын биринчи партиясы июндун жыйырмаларында келген. Концентраторлор келери менен эле Жети-Өгүз, Тоң райондорунун жана Балыкчы шаарынын ооруканаларындагы койка-орундардын санына ылайык бөлүштүрүлдү.

Алтын казуучу компания олуттуу жардамды Кыргызстанга өтүп бараткан жылдын сентябрь айында жөнөттү. "Кумтөр" республиканын Саламаттык сактоо министрлигине 78 млн (Улуттук банктын 01.09.20-ж. карата расмий курсу боюнча бир миллион доллардын эквиваленти) бөлүп берген. Жаңы коронавирустук инфекция менен күрөшүү боюнча көрүлүүчү чаралардын маанилүүлүгүн түшүнүп, социалдык жоопту бизнестин принциптерине таянып, компания бул акчаларды республикалык ооруканаларды оңдоого жана аларды медициналык жабдуулар менен жабдууга бөлүп берген.

Бул өз учурунда көрсөтүлгөн жардам жабдуулар көздөн учуп турган кыйчалыш мезгилде ишке ашырылды.

УШУЛ УЧУРДА

### Ооруканалар үчүн жабдуулар



Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фонду Караколдогу облустук оорукананын жаңы жугуштуу оорулар бөлүмү үчүн медициналык жабдууларды жана эмеректерди каржылады.

Дээрлик 10 млн сомго 25 функционалдык керебет, алты он литрдик кычкылтек концентратору, үч БИПАП-аппараты, өпкөнү жасалма дем алдыруучу эки аппарат жана дефибриллятор сатылып алынды.

**Караколдогу оорукана үчүн жаңы медициналык жабдууларды сатып алууга фонд 9 млн 911 миң сом бөлүп берди.**

Тилекке каршы, коронавирус толкунун алдын алууга шашылыш даярданган жаз айларындагы катаал карантин учурунда, жаңы ооруканаларды жана кошумча койка-орундарды ачууга мүмкүн болбоду.

- Кыргызстан экономикалык абалдан улам өз жолу менен чара көрүүнү чечти, - деп ошондо экс-премьер-министр Кубатбек Боронов актанган.

Ковидден ооругандардын жана каза болгондордун статистикасынан сабак алып өлкөнүн азыркы жетекчилиги жаңы ооруканаларды куруп, эски каралбай калган имараттарды дарылоочу жайга ылайыктоо менен оңдоп кетти десек болот. Каржылоо булагын дагы табууну үйрөндүк. Бишкекте жаңы жугуштуу оорулар бейтапканасын жана Ош облусунун Кара-Суу районундагы 50 койка-орундуу заманбап санариптик ооруканаы курууга "Кумтөр" компаниясынын финансылык колдоосу менен түзүлгөн Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктүк фонду акча бөлүп берди.



**«Кумтөр» компаниясынын президенти Деон Баденхорст компаниянын финансылык колдоосу Кыргызстандын саламаттык сактоо системасын жакшыртууга мүмкүндүк берерине ишенерин айтты.**

Компаниянын кайрымдуулук акциясына катышуусуна комментарий берүү менен, **«Кумтөр» компаниясынын президенти Деон Баденхорст** бөлүнүп берилген бир миллион доллар COVID-19 менен күрөшүүдө чет өлкөлүк ишкананын татыктуу салымы болуп гана эсептелбестен, өлкөнүн саламаттык сактоо системасын жакшыртууга өбөлгө болорун билдирди.

Ысык-Көл облусундагы эпидемиологиялык кырдаал кыска эс алуудан кийин күз-кыш мезгилинин келиши менен жалпы Кыргызстандагыдай эле кайра күчөп кетти.

**Екатерина РОЗИНА.**
**Фото: kumtor.kg, Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фонду.**





Жаңы жабдуу Улуттук онкология жана гематология борборуна ноябрь айынын башында алынып келинген.



Зыяндуу шишиктин нур терапиясы үчүн иштелип чыккан гамма-терапиялык аралык аппаратын Кыргызстанга Индия белекке берген.

**Кымбат баалуу медициналык жабдууларды сатып алууга акчаны «Кумтөр» компаниясы бөлүп берген.**

# ОНКОЛОГИЯЛЫК ООРУДАН ЖАБЫР ТАРТКАНДАРДЫ ДАРЫЛОО ҮЧҮН БИШКЕККЕ ТИЛКЕЛИК ТЕЗДЕТКИЧТЕР ЖЕТКИРИЛДИ

## Убадаланганды үч жыл күтүштү

Онкологиялык жактан ооруган бейтаптар жана алардын жакындары бул иш-чараны 2017-жылдын аягынан бери чыдамсыздык менен күтүп келишкен. Ошондо Кыргызстандын Өкмөтү менен "Кумтөр" алтын казуучу компаниясынын ортосундагы жаңы Стратегиялык келишимдин жыйынтыгы боюнча инвестор онкологиялык ооруларды дарылоо үчүн кымбат баалуу медициналык жабдууларды – тилкелик тездеткичтерди сатып алууга 10 миллион доллар бөлгөнү белгилүү болду.

Бул радиотерапиялык комплекси залалдуу шишиктерди нурлантуу үчүн колдонулат. Эскирген салттуу ыкмалардан айырмаланып, ал шишиктин аймагындагы нурланууну так өлчөп, соо ткандардын жабыркашын минималдаштырат, дарылоонун узактыгын кыскартат жана денедеги радиациянын таасир этүү убактысын кыйла кыскартат. Улуттук онкология жана гематология борборуна Советтер Союзунан 1968- жана 1972-жылдары чыгарылган эки жакын фокустук рентген-аппараты мураска алган.

Биринчиси моралдык жана физикалык жактан эскирип, колдонуудан чыгарылган (анын ордуна өткөн жылы дагы бир аппарат орнотулган). Экинчиси дагы деле иштеп жатат. Бирок иш жүзүндө бул жабдуу үстүңкү, сырткы шишиктерди дарылоого гана арналган. Олуттуу учурларды дарылоодо акыркы заманбап технологиялар талап кылынат.

Албетте, өмүр менен өлүм маселеси мындан ары кечеңдетүүнү күтпөйт эле. Жаңы жабдуу үчүн бүткүл дүйнө жардам берүүгө аракет кылды. "Жардам берүү жеңил" кайрымдуулук фонду бир жылга жакын убакыттан бери аны сатып алуу үчүн акча чогултуп келет. Бизнесмен инвесторлорду издөөгө жардам берүүнү убада кылышкан. Акырында, канадалык инвестордун жардамы менен мындай чоң сумманы кайдан тапсак болот деген көйгөй чечилди.

Бирок "Кумтөр" компаниясынан 7 миллион долларлык биринчи траншы келгенден кийин, онкологиялык оорулуулардын баа жеткис күндөрүн уурдаган тоскоолдуктар жаралды. Бул каражатты дароо пайдалана алышкан жок. Кыргыз парламенти да аралашты. Депутаттар которулган миллиондордун сакталуусуна тынчсызданып, Онкологиялык кызматтарды колдоо фондунан мамлекеттик казынага которууну талап кылышты.

Андан кийин бир нече жолу тендерлер үзгүлтүккө учурады. Үчүнчүсү гана 2019-жылдын февраль айында болуп өттү. Жеңүүчү болуп келишимдин шарттары боюнча 3,8 миллион долларга тилкелик тездеткичтердин эки комлектин Бишкекке алып келип беребиз деген эстониялык MN Medical UN жабдуучу компания табылды. Кымбат баалуу жабдууну Бишкекке өткөн жылдын күз айларында алып келүүнү пландашкан, бирок мөөнөтү улам-улам жылып жатты. Коронавируска байланыштуу республикада өзгөчө абал жана өзгөчө кырдаалдар режими жарыяланганынан улам түзөтүүлөрдү жана форс-мажордук жагдайларды киргизишти. Катаал чектөөлөрдүн киргизилиши пландалган мөөнөткө жаңы жабдууга бункерлерди даярдоого тоскоолдук жаратты.

Аларды орнотуу иштери аяктап калганда Улуттук онкология жана гематология борборунун директору Эрнис Тилеков саламаттыкты сактоонун жаңы министри Алымкадыр Бейшеналиевге тапшырган. Борбордун жетекчиси өз сөзүндө турду: атайын кымбат баалуу жабдууларды кабыл алуу даярдалып бүтөрү менен, аны Бишкекке жеткиришти.

Андан ары эмне болду?

## Натыйжалуу жана коопсуз

Андан ары ушунча убакыт күткөн онкобейтаптарга дагы чыдоого туура келди. Эми тилкелик тездеткичтердин эки топтому Улуттук онкология жана гематология борборунда. Бирок Беларуссиядан жана Түркиядан адистер келгенге чейин (биринчиси бункерлердин эшиктерин курашы керек, экинчиси жабдууларды орнотушу керек), ал кутуларда сакталат.

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду орнотуу, инсталляция, сыноодон өткөрүү жана кызматкерлерди окутуу 120 календардык күнгө созулушу мүмкүндүгүн айтты. Андан кийин кабыл алуу актысына кол коюлуп, жабдуулар ишке киргизүүгө тапшырылат. Андан кийин жеткирүүчү компания үч жыл бою толук кепилдик кызматын көрсөтөт. Техника татаал, кылдат мамилени талап кылат. Маал-маалы менен ага профилактикалык текшерүү жана технологиялык жабдууларды оңдоо талап кылынат. Учурда нурлануу терапия үзгүлтүккө учурабашы керек болгон үчүн, кыргыз тарап бир эле учурда эки аппаратты сатып алууну камсыз кылды: бири "эс алууда" болгондо, экинчиси иштеп турат.



Улуттук борбордун башчысынын айтымында, эч кандай тоскоолдуктар болбосо, тилкелик тездеткичтер 2021-жылдын кыш мезгилинде иштей баштайт.

**Улуттук онкология жана гематология борборунун директору Эрнис Тилеков** "Кумтөр жаңылыктарында" билдиргендей, 20-ноябрда беларустук адистер ар бири беш тоннадан турган эки радиокоргоочу эшиктерди курап баштады.

Даярдоочу заводдун өкүлдөрү жана адистери Түркиядан Кыргызстанга декабрь айынын башында келиши керек. Алар тилкелик тездеткичтерди орнотуу иштерин аркалашат. Бир эле учурда жабдуучу компания менен болгон келишимдеги шарттарда ата мекендик дарыгерлерди: медициналык физиктерди, радиологдорду жана орто медициналык персоналдарды окутуу башталат. Тилкелик тездеткичтерди иштетүү боюнча тренингдер, анын ичинде кыргыз дарыгерлерин чет өлкөгө алып барып окутууларды чет элдик адистер алпарышат.

Жаңы жабдуу менен күнүнө жүзгө чейин адам нур терапиясын ала алышат. Дарылоо убактысы шишиктин жайгашкан жерине жана көлөмүнө жараша бир жарым мүнөттөн ашпайт. Процедуранын баасы дарылануу курсу (25 сеанс) үчүн бир жарым миңден алты миң сомго чейин болот. Процедураларды бекер колдонуу боюнча жеңилдетилгендер үчүн атайын категориялары бар.

- Эгер эч кандай үзгүлтүк болбосо, январь айынын аягында, февраль айынын башында эң биринчи бейтаптарды кабыл алуу башталат, - деп Эрнис Абдышевич пландары менен бөлүштү.

Белгилей кетсек, бүгүнкү күнгө чейин эле Улуттук онкологиялык борбордо нур терапиясы Индия өкмөтү тарабынан 2017-жылы Кыргызстанга белек кылган "Бабатрон 2" дистанциялык гамма-терапиялык аппаратынын жардамы менен жүргүзүлүп келген. Ал "Кобальт-60" радиоактивдүү булагын колдонот. Жаңы жогорку технологиялык жабдуулар электр кубаты менен иштейт. Бул биринчиден, коопсузураак, экинчиден, анын жардамы менен нур терапиясы кыйла натыйжалуу болот. Баса, канадалык инвестордон алынган калган гранттык каражаттардын бир бөлүгү бүгүнкү күндө ийгиликтүү иштеп жаткан онкологиялык борборго кошумча медициналык жабдууларды сатып алууга жумшалды.

**Юлия ШИТОВА.**
**Фото: ФОМС КР, president.kg**

# АЛТЫН МАТЕМАТИКА. КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН «ЦЕНТЕРРА» КУМТӨР КЕНИНЕН КАНЧА ТАПТЫ



**Октябрь жана ноябрь айлары Кыргызстандын инвесторлору үчүн оор күндөрдөн болду. Кезектеги саясый толкундоолор тоо-кен тармагында иштеген ишкерлерди жергиликтүү тургундар менен кагылышуусуна алып келди.**

Кен иштетүүчү ишканалар ишин токтоткондон кийин бюджетке миллиондогон салык жана башка жыйымдар түшпөй, айлык акы берилбей калды. Чет элдик инвесторлор менен бирге алар менен иш алып барып, тамак, жабдуу, унаа жана башка кызмат менен камсыз кылган компаниялар дагы зыянга учурады. Миңдеген кызматкерлер Кыргызстандагы жумушсуздардын катарын толуктады.

## Кумтөрдүн алтындан кирешеси

«Инвесторлор кыргыз алтынын четке ташып кетип жатат» деген сыяктуу жөө жомоктордун айынан акыркы окуялар тоо-кен тармагына терс таасирин тийгизди. Караандай калп атайын фантастикалык сандар менен коштолуп, социалдык тармактарда таркатылып жатты. Айрым адамдар аны окуйт жана ишенишет. Алардын айрымдарын мисал иретинде карап көрөлү.

«Центерра Голд Инк» компаниясы иштеткен Кумтөр кени.

Кыргызстан «Кыргызалтын» ишканасы аркылуу компаниянын 26 пайыз акциясына, же 77 миллион долларына ээлик кылат. Ал эң ири акционер.

Кумтөр кени 1978-жылы ачылып, аны иштетүү боюнча техникалык-экономикалык негиздеме 1989-жылы даярдалган. Бирок, ал жылдары долбоордун кымбаттыгынан (1,46 миллиард доллар) иш башталган эмес.

Алтын кенин иштетүүчү алгачкы беш жыл бою жүз миллиондогон акчаны салып, анан гана алтын алууга болот. Ал үчүн Кумтөргө үч жыл жетиштүү болду.

««Центерра» Кыргызстандан 100 тонна алтын алып чыгарып кетти» деген чындыкка дал келбеген маалымат соцтармактарда айтылып жүрөт. Аны тактоо үчүн интернеттен издөөгө, же тийиштүү мамлекеттик органга чалып суроо жетиштүү. Бул чоң сыр эмес.

«Кумтөр» кенинен алынган алтындардын баарын «Кыргызалтын» сатып алат.

Ишкана алтынды экспортко чыгарбайт. Ал казып алып, мамлекеттик компанияга сатат.

1994-жылдан бери кенден алынган алтындан 10,4 миллиард доллар киреше табылды.

Бул жылдары алтын наркы, сомдун куну өйдөылдый болуп турду, бирок, ал биздин баяндамага эч бир тиешеси жок.

1994 - 2019- жылдары долбоордун Кыргызстанга төлөмдөрү 4 миллиард 141 миллион доллардан ашты.

Эгер азыркы курс менен эсептесек, 25 жылда «Кумтөр» салык, жыйымдар, айлык акы жана акциянын кирешеси түрүндө өлкөгө 347 миллиард 844 миллион сом төктү.

Кыргызстандын бюджети 2020-жылы 173 миллиард сомду түздү. Долбоордун иштешинен биз эки жылдан ашык бюджеттин акчасын алдык.

Ушундан кийин ким инвесторлорду кууп чыгуу керектиги боюнча социалдык тармактагы пикирди колдойт?

Өзүңүздөр ойлонуп көрүңүздөр. Мындай долбоорлор болбосо, биз жол салып, айлык акы, пенсия, жөлөк пулду төлөй алат белек?

## Алтын алуу үчүн канча каражат жумшаш керек?

«Кумтөр» сыяктуу кен иштетүүчү ишкана иштеши үчүн жылына канча каражат жумшаш керек? 2019-жылы кендин капиталдык чыгымдарына 146 миллион доллар коротулду.

Анткен менен мындан дагы көп акча сарпталган учурлар болгон. Мисалы, 2012-жылы 385 миллион доллар инвестицияланган.

Интернеттеги жалган маалыматтардын бири - Кыргызстандан «Кумтөрдөн» «Кыргызалтынга» төлөнгөн 300 миллион доллардан башка бир тыйын да алган жок. Аны ырасташ үчүн 10,4 миллиард доллардан Кыргызстанда ар кандай төлөмдөр катары калган 4,1 миллиард долларды алып салуу жетиштүү.

## «Капиталисттер» канча акча табышты?


«Капиталисттер» 1,1 миллиард доллар акча табышты. Бирок, мында биздин өлкө «Центерра Голд Инк» компаниясында дагы үлүшкө ээ экенин эске алабыз. Демек, Кыргызстанда кен ишин токтоткондон кийин гана акча каражат түшүүчү булагы бар.

«Ценнтера» «Кумтөргө» гана эмес, «Маунт Миллиган», «Эндако» жана «Томпсон Крик» «Лангелот» компанияларына дагы тийиштүү.


Кыргызстан 26 жылда инвестордон төрт эсе көп акча алды.

**Айбек СУЛТАНОВ, 24.kg**

АКЧАЛАЙ КАПИТАЛДЫК САЛЫМДАРДЫН КӨЛӨМҮ




АЛТЫНДЫ САТУУНУН ОРТОЧО БААСЫ




| «Кумтор Голд Компани» ЖАК кирешелери 1994-2019-жылдары кайда жумшалган: | млрд $ | % |
|---|---|---|
| Операциялык жана башка чыгымдар | 1,1 | 10,6 |
| Жүгүрмө капитал | 0,8 | 8,2 |
| Капиталдык сарптоолор | 3,1 | 29,6 |
| Геологиялык чалгындоого чыгымдар | 0,1 | 1,4 |
| "Камеко"/"Центерра" дивиденддери ("Кыргызалтын" дивиденддерин алып салганда) | 1,1 | 10,3 |
| Кыргызстандын аймагындагы төлөмдөр, төмөнкүлөрдү кошкондо: | 4,1 | 39,9 |
| салыктар, милдеттүү төлөмдөр | 1,6 | 15,6 |
| стратегиялык макулдашуулар боюнча төлөмдөр | 0,1 | 0,7 |
| Кыргызстандагы сатып алуулар жана кызмат көрсөтүүлөр | 1,0 | 10,1 |
| Кызматкерлердин таза эмгек акысы | 0,8 | 8,1 |
| КР инфраструктурасына тиешелүү төлөмдөр | 0,3 | 2,8 |
| "КГК" жана "Центеррадан" "Кыргызалтынга" төлөмдөр жана дивиденддер | 0,3 | 2,5 |
| БААРЫ: | 10,4 | 100 |

Толук изилдене элек кооптуу вирустун тездик менен жайылышы, ушул жылдын март айында Кыргызстанда пайда болушу ата мекендик ишканалардын баарынын ишине түзөтүүлөрдү киргизди. Ыкчам аракеттенүү жана санитардык эрежелерди сактоонун үлгүлүү мисалын "Кумтөр" компаниясы көрсөттү. Башкалар үчүн үлгү!

# КОЛЛЕКТИВДИ ВИРУСТАН САКТОО: «КУМТӨР» ПАНДЕМИЯ ШАРТЫНДА КАНТИП ИШТӨӨДӨ

Өлкөгө капысынан кирип келген кооптуу жана айлакер душман менен алгач кездешкенде Кыргызстан алдастай түшкөн. Айрымдар коркунуч деле жок дешти. Башкалары "балким өтүп кетет" деген ойдо болду. Көзгө көрүнбөгөн душманды каршы алууга өз коопсуздугун биринчи орунга койгондор гана даярданышты окшойт. "Кумтөр" жаңылыктары" кендин үзгүлтүксүз ишти камсыздоо жана коронавирустук инфекциясын жуктуруп алуу тобокелдигин болушунча төмөндөтүү үчүн алтын казуучу ишканада чаралар көрүлгөнүнөн кабардар болду. Албетте, туруктуу иштеген кызматкерлеринин саны эле 2600дөн ашкан "Кумтөр" сыяктуу ири компанияда ал абдан эле кооптуу болчу.



Ишканадагы коопсуздук техникасынын эрежелери дайыма кынтыксыз аткарылат. Ар бир кызматкер «Work Safe - Home Safe» коопсуздук программасы боюнча тренингден өттү.

## Эскертилди – демек корголду

**«Кумтор Голд Компани» эмгекти коргоо жана кырсыктарды изилдөө боюнча инженер Аманбек Сатыбеков** менен телефон аркылуу баарлаштык. Бул дагы пандемия шартындагы ишке болгон катаал талаптардан улам болду. Республикада ӨК жана ӨА киргизилгенден баштап эле кенге кирүүлөргө тыюу салынды. Кумтөрчүлөрдүн өздөрү үчүн (анын ичинде подрядчылар) дагы бузулгус эрежелер бар. Ириде, бул беткап тагынуу режими. Ар бир кызматкер элди кенге алып баруучу машинага отурары менен жеке коргонуу каражатын алышат. Лагерде, цехтерде, алтын ылгоочу фабрикада жумушчулар беткап менен жүрүшөт. Эми бул дагы, тактап айтканда жумуш участогунда каска менен көз айнек кийип жүргөндөй эле кадимки көрүнүш болуп калды. Беткапты өз бөлмөңдө, кеңседе же машинаңда гана чечсең болот. Ошондо да жаныңда эч ким жок шартта. Албетте, бардык кызматкерлер ЖККны туура колдонуу боюнча толук көрсөтмө алышты.

- Бул компания өз кызматкерлерин толук көлөмдө камсыздаган жана туура колдонууну үйрөткөн антисептиктерге да тиешелүү. Мисалы, бөтөлкөнү күн түз тийген жерге коюуга болбойт, суюктук күйүп кетиши мүмкүн - деп түшүндүрдү, Аманбек Сатыбеков. – Анан, бөлмөнү тез-тез нымдап жууп-тазалоо жана желдетүү өңдүү жөнөкөй эрежелерди айтпасак да түшүнүктүү.

Айтмакчы, компания кендеги объектилерди дезинфекциялоо үчүн атайын подряддык уюмду жалдаган. Оору күчөп турган учурда тазалоочулар дезинфекциялык каражаттар менен өндүрүш участокторун дагы, Кумтөрдүн атайын техникаларын дагы тазалап жатышты.

Оор жагдайдан аман-эсен чыгып кеттик. Ашкана аймагында адамдардын көп санда топтолбошу үчүн, ашпоздор тамактарды бир жолку колдонуучу бокстарга салып, кутуларга өлчөп ороп, ар бир бөлүмгө кызматкерлердин санына жараша берилет. Ошентип, элдин да курсагы ток, бир имаратта оору жуктуруп алуу коопсуулугу да жокко эсе.

Милдеттүү болгон коопсуздук техникасы жана эмгекти коргоо боюнча көрсөтмө катары "көнүгүүлөргө" өзгөртүүлөр киргизилди. Эми чогулуштар онлайн-платформаларда гана өткөрүлөт.

## Душманды өткөрбөйбүз!

Дагы бир маанилүү учур – жумушчулардын кенге кирүүсү. Өлкөдө коронавирустук инфекция каптай баштагандан бери алтын казуучу ишканаларда кадимки убакта эки жумага созулган вахталардын иштөө мөөнөтү нөөмөт алмашуулардын санын кыскартуу үчүн узартылды, бул Кумтөргө вирустун кирип кетишин алдын алууга болгон аракет эле. Ошондой эле иш графиги дагы кызматкерлердин макулдугу менен түзүлүп жатты. Эгерде иш жуманын ортосунда же аягында адам чарчап калса, ага кенде элде эс алууга бир күн берилип турду.

- Биринчи этапта вахтага келген кызматкерге толтуруу үчүн анкета берилди, анда өзүнүн ден соолугу эле эмес үй-бүлөсүнүн саламаттыгынын абалы жөнүндө да айтып берүү керек эле. Республикада COVID-19 менен оору деңгээли өсө баштаганда ПЦР-тесстер, кийинчерек иммуноферменттик анализ (*кандагы антителаларды аныктоого* - **Авт.**) алына баштады. Анализдердин жыйынтыктары алынганга чейин жумушчулар компания тарабынан уюштурулган Бишкектеги жана Ысык-Көлдөгү санитардык-карантиндик пунктарга жайгаштырылды. Андан кийин медиктер жыт билүүнүн болушун текшере баштады (*коронавирус болгондо кээ бир учурларда ал жоголуп кетет.* - **Авт.**). Адамда күмөндүү симптомдор жок болгондо гана, жөнөтөрдүн алдында дене табын текшерип, кенге киргизилип турду - деп "Кумтөр" медициналык бөлүмүнүн жумушчуларынын иш-аракеттеринин жүрүшүн түшүндүрдү.

Бул алгоритм, абдан ийкемдүү жана коопсуздук системасын өркүндөтүү боюнча жаңы сунуштарды эске алуу менен оңой өзгөрүлөт. Компаниянын ар бир бөлүмү талкууларга катышып, өз чечимдерин сунуштай алат.

Жумуш ордунда болуу талап кылынбаган кызматкерлерди керектүү техникалар жана керектүү программалар менен камсыздап дароо эле "аралыктан" иштөөгө которушкан.Мындай иш шарттары өлкөдөгү эпидемиологиялык кырдаал туруктаашканга чейин сакталат.

Бүгүн «Кумтөр» ишканаларында жана кеңселеринде мурдагыдай эле беткап тагынуу режими иштеп, социалдык аралык жана санитардык эрежелер талаптагыдай сакталууда.

- Убагында көрүлгөн ушундай чаралардын жана кырдаалга карата ийкем аракеттердин натыйжасында кендеги вирустун жайылышын кармап калууга мүмкүн болду, - деп белгилейт эмгекти коргоо боюнча инженер.

**Юлия ШИТОВА.**
**Фото: Евгений ПЕЧУРИН.**

АЙТМАКЧЫ

## «Work Safe - Home Safe» коопсуздук программасы вирусту оздуктоого кантип жардам берди

2016-жылдын аягында компанияда жайыла баштаган «Work Safe - Home Safe» коопсуздук программасын талаптагыдай сактоону кумтөрчүлөр өз ишинин ийгилиги катары эсептешет. Коопсуздук техникасы жана эмгекти коргоо маселелерине жаңыча мамиленин натыйжасында, адамдар эрежелер аларга каршы эмес, алар үчүн иштерин аңдашты. "Кумтөрдүн" төрт " алтын" баалуулуктары: ак ниет ишкана, биздин келечек – биримдикте, үзгүлтүксүз жакшыртуу жана максатка ийгиликтүү жетишүү – жөнөкөй эмес маселелерди күн сайын башкача чечүүгө мүмкүндүк берди.



- Бүгүн ар бирибиз жалгыз дарак бак болбоорун жана адамдагы эң баалуу болгон – өмүр менен ден соолукту сактоо үчүн өндүрүштөгү ар кандай коркунучтар жөнүндө тезинен дарегине кабарлоо керектигин түшүндүк. Бийик максаттарга биргелешкен командалык иш менен гана жетүүгө болот. Ийгиликке жетүүгө бир организмдей жашап, иштеп жаткан коллективдин күчү келет. Анткени бир эле адам коопсуздук техникасынын эрежелерин сактабаса, ал бүтүндөй командага доо кетирет, - деди **Аманбек САТЫБЕКОВ.**

Ушул негизги принциптердин жардамы менен "Кумтөрдүн" чоң жамааты азыркы кырдаал таңуулаган өзгөчө шарттарга тез ыңгайлаша алды. Жана ар бир адам ушул эрежелерди кандай сактаса, өзүнүн ден соолугу жана айланасындагы адамдардын тынчтыгы да ошондой болорун аңдадык.

# БИЛИМ БЕРҮҮГӨ ИНВЕСТИЦИЯЛАР: «КУМТӨРДҮН» АКЧАСЫНА



Балдар үчүн бош убактысын көңүлдүү жана коопсуз өткөрүүгө үчүн сүйүктүү орун табылды. Балдар аянты эски жана жаңы жаш досторун күтөт!

**Социалдык долбоорлор – канадалык инвестордун региондогу иштер башталгандан бери эле мурдагы инвестор менен бирге иш алып барган маанилүү бөлүктөрдүн бири.**

## Билим берүүгө артыкчылык берилет

Ысык-Көл регионунда алтын казуу жана өндүрүү боюнча ири ишкананын ачылышы менен облустук өнүктүрүү фонду түзүлгөн, ага канадалык инвестор жыл сайын "Кумтөрдүн" дүң кирешесинин 1%ын же 500 миллионго жакын сомду чегерип турат. Бул акчаларга Ысык-Көлдө жол тармагын жана инфраструктураны өнүктүрүү, оорууканаларды, мектептерди, бала бакчаларды, маданий жана спорттук объектилерди куруу жана ачуу боюнча социалдык долбоорлор ишке ашат.

Өзгөчө басым билим берүүгө жасалат.

Жакында эки жаңы мектеп ачыла турган калктуу конуштардын тизмесинде Жети-Өгүз районунун Кабак жана Ак-Дөбө айылдары бар. Кабактагы билим берүү мекемеси 275 орунга эсептелген. Долбоор 50 млн сомго бааланууда. Ак-Дөбөдө жаңы эки кабаттуу мектеп эски бир кабаттуу окуу жайдын ордуна курулат. Бул жердеги иштер аяктайын деп калды. Эгер баары план боюнча кетсе, жаңы окуу жылында мектеп 150 окуучуну кабыл ала алат. Анын курулушуна Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фонду 28 млн сом бөлүп берди.







Жаңыдан оңдоо иштери бүткөн Аң-Өстөндөгү бала бакчадан көрүнүш.

АЙТА КЕТЧҮ ЖАГДАЙ

## Караколго жаңы жолдор

Каракол жол инфраструктурасын жергиликтүү бийлик колго алды. Ысык-Көлдүн туристтик шаарында Токтогул көчөсүнөн Пржевальск көчөлөрүнө чейинки Абдрахманов көчөсүнүн курулушу аяктады. Курулуш иштерин Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фонду каржылады. Долбоордун сметалык наркы - 74 млн 730 миң сом.

Тендерден утуп алган подрядчы беш автобус аялдамасын жана беш тилкелүү трассаны курду. Төрт тилке автоунаалардын жүрүүсүнө ылайыкталса, бир тилкеси унаа токтотуучу жай үчүн арналган. Жаңы тротуарлар, дренаждык система жана жашыл зона кошо бүтүрүлдү. Облусту өнүктүрүү фондунун эсебинен жолдорду жана тротуарларды калыбына келтирүү боюнча иштер Караколдун «Восход» (жаңы жолдун узундугу 455 метр) жана «Кашка-Суу» (600 метр) микрорайондорунда аяктады. Бул долбоордун сметалык баасы 25,6 млн сомдон ашкан.

Ошондой эле шаар мэриясынын өтүнмөсү менен фонд Каракол коммуналдык ишканасы үчүн кар, таштанды тазалоо жана жолду жууп-тазалоого арналган автоунаасын сатып берди. Техника 4,8 млн сомду түздү.



Суук түшөрдүн алдында коммуналдык кызматкерлер жаңы атайын машина менен камсыздалды.





Кашка-Суу кичирайонунда жаңы жол катмары төшөлдү.

# ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНДА МЕКТЕПТЕР ЖАНА БАЛА БАКЧАЛАР КУРУЛУУДА



Ак-Дөбөдө мектеп дээрлик баары даяр, ал эми Кабактагы мектептин курулушу толук жүрүп жатат.



САНДАР
Бүгүнкү күндө Ысык-Көл облустук Өнүктүрүү Фонду тарабынан жалпы суммасы **58 млн 758 мин.** сомдук **31** инвестициялык долбоор ишке ашырылып жатат.

## Балдарга кам көрүп

Мектепке чейинки курактагы балдарга да өзгөчө көңүл бурулат.

Жети-Өгүз районунун Аң-Өстөн айылында 2016-жылдан бери бүтпөй келе жаткан бала бакчанын капиталдык оңдоо иши аяктады. 100 орунга эсептелген бала бакчаны капиталдык оңдоо жана танапташ аймакты көрктөндүрүү фондго 10 млн сомго турду. Жети-Өгүз районунун Оргочор айылында быйыл оюн аянты ачылды. Маалымат үчүн: Оргочор айылынын калкынын саны 2729 адам, алардын ичинен 710у 14 жашка чейинки балдар. Оюн аянты ачылары менен балдарда жана өспүрүмдөрдө бош убакыттарын коопсуз жана көңүлдүү өткөрүү үчүн мыкты орун табылды. Селкинчеги, сыйгаланмасы, чатырчалары жана стол үстүндө ойноочу теннис жабдуулары менен Боз-Бешик жана Светлая Поляна өңдүү жакынкы айылдардын балдары да ойной алышат.


Кышкысын аянт кечки саат төрткө чейин иштейт, оюн жабдууларынын жана отургучтардын сакталышын кароолчу кайтарат. Долбоор ушундай учурлар үчүн айылдык башкаруунун балансына коюлган.

Оюн аянтчасын курууга кеткен чыгымдар өнөктөштөрчө бөлүштүрүлдү. 2019-жылы "Кумтөр" курулуш иштерине миллион сомго жакын каражат бөлгөн. Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фонду аянтты жасалгалоо үчүн 560 миң сомго материалдарды сатып алып, курулушчуларды камсыздады. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун салымы жарым миллион сомду түзүп, ал даярдоо иштерине жумшалды. Азыркы учурда балдар ойноочу аянт толук курулуп бүтүп, ачылуу алдында турат.

Балдарга бардык шартты түзүп, шаттыкка бөлөгөнү үчүн баары кубанычта!



Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фонду Караколдогу жолдорду жана тротуарларды реконструкциялоо боюнча эки ири долбоорду каржылады.





Абдрахманов көчөсүндөгү курулуш иштери ушундай жүрдү.

Екатерина РОЗИНА.
Фото: Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фонду.

«Кумтөр» Ысык-Көл облусунда регионду өнүктүрүү жана айылдыктарды колдоо боюнча социалдык долбоорлорду өнүктүрүү менен бирге ишке ашырууну улантууда.


Жогорку сапаттуу буудай үрөнүнө суроо-талап жогору.

# ДЫЙКАНДАРГА – ҮРӨН, АЙЫЛДЫКТАРГА – СУГАТ СУУСУ


Компания Россия өндүрүшүнөн чыккан жаңы бульдозерди Тоң райадминистрациясына тартуулады.


Эшперовдогу суу тартыштыгы чечилди. Инвестор Совет мезгилинде курулган насостук станцияны оңдоого жардам берди.

## Ар бир үйдө нан болсун

"Кумтор Голд Компани" региондун туруктуу өнүктүрүү боюнча программалардын комплексин Ысык-Көл облусунда кен иштеп баштагандан бери ишке ашырууда. Социалдык жоопту бизнес принциптерин тутунуу менен, компания региондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө көмөктөшүүдө. Бул ириде фермердик чарбаларды өнүктүрүүгө, жумушчу орундарды жана жаңы киреше булактарын түзүүгө багытталган долбоорлорду колдоо.

Ушул жылдын сентябрь айында инвестор "Регионду өнүктүрүү агенттиги" коомдук фондунун Ысык-Көл облусунда үрөнчүлүктү өнүктүрүү боюнча долбоорун колдоду. "Кумтөр" тарабынан Жети-Өгүз районуна бөлүнгөн 5 млн сом каражатка 170 тонна биринчи репродукциядагы эки сорттун – күздүк жана жазгы жана күзгү айдап себүүгө жарай турган интенсивдүү жогорку сапаттагы буудай үрөнүн алып келишти.

Долбоордун максаты стратегиялуу – марттагыдай кырдаал мындан ары жаралбасы үчүн райондук үрөнчүлүк базасын түзүп, региондун азык-түлүк коопсуздугун камсыздоо. Ал учурда пандемиядан улам баары жабылып, ундун баасы кескин көтөрүлүп кеткен жана кыргызстандыктар биринчи зарылдыктагы азыктын дефицитин жон териси менен сезишкен.

- Ошондуктан инвестор менен бирге демилгени ишке ашыруу идеясы келди жана биз инвесторго колдоо көрсөткөнү үчүн терең ыраазычылык билдиребиз. Бүгүнкү күндө негизги милдет – азык-түлүк коопсуздугу. Бул пандемия шартында өзгөчө актуалдуу – деп билдирди "Кумтөр" жаңылыктарына" **Жети-Өгүз районунун акими Мурат Раматов.**

Район башчысынын айтымында региондо айдоо жерлери аз – болгону 43 миң гектар. Быйыл 7,4 миң гектарга буудай эгилген, анын ичинен 900 гектарына күздүк буудайы эгилген. Ал сапаты боюнча артыкчылыкка ээ болуп, жакшы түшүм берет. Ошондуктан жергиликтүү бийлик аны көбүрөөк айдоону алдыларына максат кылышкан.

Буудай рентабелдүү эмес айыл чарба азыгы болгондуктан, дыйкандар аны экпей калышкан. Бирок эгерде өлкөгө ун менен буудай сырттан ташылып келбей калса, калкты азык-түлүк менен камсыздоо үзгүлтүккө учурашы мүмкүн. Ошондуктан коңшуларга ишене бербей өз алдынча аракет кылышыбыз керек, анткени качан дагы катаклизм болуп, чек аралар жабылып каларын билбейбиз. Алдыңкы келечегибизди карап, өз кампаларыбызды толтурууну ойлонушубуз керек.

- Бул аракетибиз сынап көрүү эле жана биз продукция мынчалык талап кылынат деп ойлогон эмеспиз. Биз эч нерсени деле бөлүштүргөн жокпуз. 110 тонна интенсивдүү сорт быйыл эле тарап кетти. Суроо-талап абдан жогору болду. Балким, көптөргө жетпей да калды, - деп белгиледи Жети-Өгүз районунун акими.

Негизинен үрөнчүлүк чарбасы дыйкандарга: эгер фермер 100 кг алса, 200 кылып кайтарып бериши керек деген катышта бөлүштүрдү.

- Биздин шарт боюнча үрөн 1ге 1,5 катышында таратылды. 100 килограмм алсаң, 150 кайтар. Андан тышкары, дыйкандын жер үлүшү, насыя тарыхы жакшы, кепили же күрөөсү болушу керек, - деп түшүндүрдү дан таратуу шартын **«Кумтөр» компаниясынын өкүлү Кенешбек Дуйшембиев.** – Баса, долбоордун туруктуулугуна жетишүү үчүн коштомо насыя берүүлөр каралган. Райондун дыйкандары "Жети-Өгүз" микрокредиттик агенттиктен жер семирткичке жана соляркага төмөн пайыздуу карыздарды ала алышат.

Ушул долбоорго ылайык Жети-Өгүз районунда буудайдын айдоо аянтын болжол менен 600-700 гектарга көбөйтүп, түшүмдүүлүктү жогорулатууга аракеттер болууда. Эгер фермерлер бөлүнгөн үрөндөрдү туура пайдаланышса жана бардык агротехнологиялык талаптарды карманса, алар өздөрүн кийинки жылга үрөн менен камсыздап, кирешенин кошумча булагына ээ болушат.

Келечекте жергиликтүү бийлик кеңейип, окшош долбоорлорду дан өстүрүү чөйрөсүндө эле эмес, мал багуу секторунда да ишке ашырууга ишеним артууда.

## Атайын техника жардамга

Ысык-Көл облусунун Тоң районунда райондук администрациянын атайын машиналар паркы россиялык өндүрүштөгү жаңы бульдозер менен толукталды. "Кумтөр" оор техниканы жергиликтүү бийликке регион менен кызматташуу программасынын алкагында белекке берди. Машина сатып алууга компания өз бюджетинен 9 млн сомго жакын каражат бөлүп берди.

Атайын техника жайыттарды калыбына келтирүү боюнча жер иштери үчүн жана райондогу өзгөчө кырдаалдардын кесепетин алдын алуу же жоюу үчүн пайдаланылат.

- Биз "Кумтөргө" мындай белеги үчүн ыраазычылык билдиребиз. Ал биздин жашоочуларыбызга реалдуу жардам берет, - деп **белгиледи Тоң районунун мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басары Тимур Алымбеков.**

Бульдозерди "Тоң районун өнүктүрүү агенттиги" муниципалдык ишканасынын балансына өткөрүп беришти. Ал машинаны толук тейлөө: май куюу, оңдоо, тетиктерин алмаштыруу, ошондой эле операторлорго маяна төлөө менен алектенет.

## Суу – өмүрдүн булагы

"Кумтөр" компаниясынын айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө жардам берүү программасынын алкагында дагы бир социалдык маанилүү долбоор – Тоң районунун Эшперов айылында ишке ашты. Ал жерде компаниянын колдоосу менен жана Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фонду менен бирге колдонуудан чыккан насос станциясын калыбына келтирүү жана жеткирүүчү каналды оңдоо иштери жүргүзүлдү. Бул долбоорду ишке ашырууга инвестор 3,9 млн сом бөлүп берди. Ысык-Көлдү өнүктүрүү фонду 170 миң сом салым кошту.

Айылда 2 504 адам жашайт. Талаада иштеп оор түйшүк менен нан таап жешет. Жагымдуу климат дыйкандарга жашылча-жемиштерден мол түшүм алууга мүмкүндүк берет. Албетте, кыйынчылыктары да бар. Эшперовдо 83 гектар сугат жер жана 82 короо жайга танапташ участок бар. 90-жылдарга чейин, колхоз учурунда эле, калктуу конуштун түндүк-батыш бөлүгүн Ак-Сай дарыясынан сугарышкан. Суу насостун жардамы менен берилген. Ал эми Союз урагандан кийин колхоз жерлерин үлүш участокторуна бөлүп, айылдыктарга берип коюшту. Насос станциясы бара-бара колдонуудан чыгып, жабдуулар жана тетиктери эскирип кеткен. Жыл сайын сугат суу тартыш болуп турган. Суткалык жөнгө салуу бассейнинен ага суу аз көлөмдө түшүп, сугат мезгилинде өтө тартыштыкка айланып, түшкү саат бирде эле түгөнүп калчу. Ошондуктан көптөгөн айдоо жерлери иштетилбей келген. Ушул суу жетпеген жерлердин айынан фермерлердин ортосунда конфликттер болуп турган. Суу тартыш болуп турганда, куну кымбат сууну кантип тууганча бөлүшөсүң?

2019-жылы "Кумтөр" тарабынан бөлүнгөн миллиондор насос станциясын оңдоого сарпталганда, жашоочулар ачык кубана алышкан эмес. Долбоорду ушул жылдын жай мезгилинде толук бүтүрүп беришти. Насос, 160 кВт трансформатор жана куурлар сатылып алынып, орнотулду. Акча аймакты көрктөндүрүүгө да жетти. Жаңы насос станциясын ишке киргизгенден кийин жергиликтүү фермерлер өздөрү анын техникалык абалын текшерип турушат.

Айтмакчы, бул аймактан жогору жашаган башка дыйкандар дагы ыраазы. Эми БСРден түшкөн сугат суусу, чарбалар ортосунда бирдей жана жетиштүү өлчөмдө бөлүштүрүлөт.

Айылдын жашоочулары жана жетекчилиги инвесторго курч социалдык-экономикалык көйгөйдү чечүүгө жардам бергени үчүн ыраазычылык билдиришти. Ал эми аткарылган ишти баалоого келген компаниянын өкүлдөрү элди бир нерсеге: айылдыктардын региондогу турмушту жакшыртууга умтулган пайдалуу жана маанилүү демилгелерин "Кумтөр" дайыма колдоого аларына ишендирип кетишти.

**Юлия ШИТОВА.**
**Фото: kumtor.kg**



# АЙЫЛДЫ КӨТӨРҮҮ – ИНВЕСТОРДУН МИЛДЕТИ

«Кумтөр» жаңылыктары» Ысык-Көл облусунда 2020-жылы алтын казуучу компаниянын колдоосу менен ишке кирген долбоорлорго сереп салды.

**Балыкчыдагы таштанды ылгоочу комплексти түзүү боюнча долбоор шаардын санитардык жагдайын кыйла жакшыртууга өбөлгө болот.**

Регионду комплекстүү өнүктүрүүгө кошулган салым – "Кумтөрдүн" негизги приоритеттеринин бири. Инвестор көп жылдардан бери эле жергиликтүү коомчулуктун ишенимдүү өнөгү болууга бүт аракетин жумшап келет. Компания өз программаларын аткарууда төрт негизги багытты камтыган Ысык-Көл облусун туруктуу өнүктүрүү боюнча стратегияны карманат, алар: агросекторду, чакан жана орто бизнести, жаштар менен өз ара аракеттешүүнү жана билим берүүнү колдоо. Региондогу алтын казуу боюнча инвестициялык долбоор жабылганда "Кумтөр" тарабынан колдоого алынган бардык демилгелер көз карандысыз, туруктуу жана кирешелүү болушу керек.

## Дыйкандар үчүн кайырмак

Эшперов айылындагыдай жылдап чечилбеген сугат суу көйгөйү *(бул тууралуу толук маалымат 10-бетте)* Ысык-Көл облусунун көптөгөн айылдарына мүнөздүү. Ошондуктан сугат суу тутумун жаңылоо боюнча долбоор дайыма инвестордун көңүл борборунда болуп келди. Жөнөкөй бир чындык бар: эгер курсагы ач бирөөгө тамак бергиң келсе, ага балык эмес, кайырмак бер. Азыркы учурда сугат тутумун калыбына келтирүү так ошол кайырмак болуп эсептелет, анын жардамы менен дыйкандарга сугат жерлердин аянтын кыйла кеңейтүүгө, мол түшүм алууга жана өз кирешесин көбөйтүүгө мүмкүндүк берилет.

Ошентип, өтүп бараткан жылда "Кумтөр" Жети-Өгүз районундагы Зеленый Гай айылындагы дамбанын курулушуна 3 млн сомго жакын каражат сарптады. Гидротехникалык курулманын жардамы менен жергиликтүү фермерлер буудай, арпа жана картөшкө өстүргөн 250 гектардан ашык талаа сугат суусу менен камсыздалды. Жалпысынан 4 599 калкы бар 1035 чарба суу ала баштады.

Ал эми Тоң районунун Кара-Талаа айылында жергиликтүү администрациянын өтүнмөсү менен инвестор "Ак-Булуң" сугат каналынын арыктарын алмаштырууга көмөк көрсөттү. Суунун жолдогу чоң коромжуларынан улам сугат участокторун 30 пайызга чейин кыскартканга туура келген эле.

Дыйкандарга жардам берүү үчүн "Кумтөр" подрядчылар менен 3,1 млн сомго жаңы лотокторду сатып алууга жана орнотууга келишимге кол койгон. Конструкцияны оңдоп, алмаштыргандан кийин канал 260 гектардан ашык айыл чарба жерлерин сугат суусу менен камсыздайт. Дагы бир "Какыр" сугат каналы Тоң районунда Көк-Мойнок-2 айылынын жанында пайда болот. Инвестор курулушка 4,9 млн сом бөлүп берди жана бул чындыгында абдан чоң жардам. Айылдык аймакта сугат жерлери дээрлик жок. Жаңы курулма болсо 100 гектардан ашык аянтты сугарууга өбөлгө болот. Жерлер кийин жергиликтүү жашоочуларга өздөштүрүү үчүн берилет жана ар бир үй-бүлө жер үлүшүнө ээ болот.

## Жайыт маселеси

Кайракы жерди сугаруу – бул бир милдет. Экинчиси андан кем эмес иш – калктуу конуштарга жакын жайгашкан жайыттарды деградация кылып албаш үчүн алыскы жайлоолорго алып баруучу жолдорду калыбына келтирүү. Маселе алыскы жайлоолорго алып барган жолдор менен байланыштыруучу көпүрөлөр жарактан чыккандыктан, чабандар ага жетүү түйшүгүнөн качып калганында. Натыйжада жеткиликтүү чөлкөмдөрдөгү жашыл участокторго күч келип, мал тебелеп, чөптөрү тамыры менен кошо куурап калууда.

2020-жылы «Кумтөр» Барскоон дарыясы жана Жууку ашуусу аркылуу алыскы жайыттарга алып баруучу эки жолду калыбына келтирүү боюнча долбоорду колдоого алды. Экинчиси, 12 километр жолду тазалоо малчыларга бийик тоолуу жайыттарга жетүүчү жолду эки күнгө кыскартат. Бул эки долбоордун жалпы бюджети 2,8 млн сомдон ашык каражатты түздү.

## Жергиликтүү бийлик менен өнөктөшүп

Өткөн жылдардагыдай эле, 2020-жылы алтын казуучу компания жергиликтүү бийлик, активисттер жана жаштар менен өнөктөштүктө ишке ашырылуучу демилгелерди колдоого алды. Компания Ак-Шыйрак айылдык башкаруусунун өтүнмөсүнө жооп катары администрациянын имаратын капиталдык оңдоого 2,2 млн сомдон ашык каражат бөлүп берди.

Жети-Өгүз районунун Ак-Шыйрак айылы бийик тоолуу аймакта жайгашкан, анын бийиктиги деңиз деңгээлинен дээрлик 3600 метрди түзөт. Ал жерде 342 адам жашайт. Мурда ак-шыйрактыктар маалымкат алуу үчүн эле Кызыл-Сууга барышчу. Айыл өкмөтүнүн имараты капиталдык оңдоодон өтүп, жылуулангандан кийин мындай муктаждык болбой калган. Элди беш кызматкер тейлейт, Ак-Шыйрак айылынын жашоочулары эми мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөргө байланыштуу бардык маселелерди жеринде чече алышат.

Дагы бир жергиликтүү бийлик үчүн маанилүү жана керектүү демилге – Тоң районунун Кажы-Саз айылындагы "стоп-пунктту" куруу инвестордун көңүлүн буруп, колдоосуна ээ болду. "Баары ушул тууралуу сөз кылып жатышканда, биз ишке өтөбүз" - деп райондук администрация чечим кабыл алып, колун сунду.

Долбоор бардык шарты бар коопсуз эс алуу аймагын жана унаа токтотмо жана көрктөндүрүлгөн аймагы менен жогорку деңгээлдеги тейлөөнү ачууну камтыйт. Жай мезгилинде бул жай 20 миңге чейинки туристтерди кабыл ала алат. Жергиликтүү жашоочулар үчүн дагы күмөнсүз артыкчылыктары бар. Аларга жумуш табылып, туруктуу кирешеге ээ болушат. "Кумтөр" бул долбоорго тең каржылоо катары дээрлик 1,5 млн сом бөлүп берди.

## Табигый жана маданий мурастарга кам көрүп

2020-жылы көчмөндөрдүн салттарын даңазалоочу туристтик базалар жана Ысык-Көл облусунун жергиликтүү жамааттары кирген «Тескей Жээк» жергиликтүү дестинациясы өзгөчө долбоорду демилгеледи. Активисттер Ысык-Көл облусунун түштүк жээгине региондун геологиялык, табигый жана маданий мурастарын сактоо жана туризмди өнүктүрүү үчүн ЮНЕСКОнун геопарк статусун ыйгарууга жетишүүгө ниеттенишүүдө. Бул үчүн эл аралык уюмдардын талаптарына ылайык маалыматтык веб-сайтты түзүү зарыл. "Кумтөр" порталды иштеп чыгууга, порталга маданий-тарыхый жерлерди жана жаратылыш эстеликтери жөнүндө маалыматтарды талдап, топтоого 617 миң сом бөлүп берди. Ошондой эле компания БУУӨП (ПРООН) менен бирге Тоң районундагы "Ак-Булуң" жана "Айдың-Көл" эки жамааттык кичи коруктарын түзүү боюнча түштүк жээктин саздуу биотүрдүүлүгүн сактоого көмөктөшүүгө багытталган долбоорго катышты. Инвестор бөлгөн 1,3 млн сом коруктардын маалыматтык сайтын, "Жамааттык кичи коруктардын жобосун" иштеп чыгууга, егердик корукчуларды жабдууга, балык өстүрүү жана багуу үчүн көлмөлөрдү курууга, Айдың-Көлгө балыктарды байырлатууга, жол белгилерин даярдоо жана орнотууга сарпталат.

**Юлия ШИТОВА.**
**Фото: kumtor.kg**

МААНИЛҮҮ

## Таза шаар үчүн!

"Кумтөрдүн" "Жергиликтүү бизнес демилгелери" программасы жумуш орундарын түзүүгө жана кызмат көрсөтүү рыногунда жетишсиз же таптакыр жок кызматтарды көрсөтүүнү демилгелөөгө даяр жергиликтүү ишканаларды колдоого багытталган. Компания Ысык-Көл облусу үчүн эле эмес, жалпы Кыргызстан үчүн да уникалдуу болуп эсептелген Балыкчы шаарындагы таштанды ылгоочу комплексти түзүү долбоорун колдоого алды. Балыкчы шаарындагы таштанды полигонунда таштандыларды ылгоону уюштуруу жана ишти баштоо, андан кийин кайра иштетүү региондун санитардык жагдайын жана экологиялык коопсуздугун кыйла жакшыртууга көмөк көрсөтөт. Балыкчы шаарынын мэриясына караштуу "Көрктөндүрүү жана санитардык тазалоо" МИ долбоорду ишке ашыруучу болуп эсептелип, ага инвестор 4,9 миллиондон ашык сом бөлүп берди. Бул каражатка Россиядан таштанды ылгоочу жабдуулар сатып алынат.

АЙТМАКЧЫ

## Таза сууга суусунду кандырып

Азыркы учурда да калкты таза суу менен камсыздоо боюнча долбоорлор акуталдуулугун жогото элек. 2020-жылы алар Тоң районунун Тосор, Төрт-Күл жана Кажы-Саз айылдарында ишке ашты.

Биринчи айылда суу тосмо курулуп, суу менен камсыздоо системасы капиталдык оңдоодон өткөрүлөт. FSDS менен бирге инвестор тарабынан ишке ашуучу долбоор 650 үй чарбасы үчүн сууга жетүү мүмкүндүгүн түзөт. "Кумтөрдүн" курулушка кошкон салымы 4,4 млн сомдон ашты.

Төрт-Күлдө суу түтүктөрү оңдолот. Компания оңдоого керектүү материалдарды сатып алууга 4 млн сомго жакын каражат бөлүп берген.

160 адам жашаган Кажы-Саз айылында да суу түтүктөрүн капиталдык оңдоо иштери жүргүзүлөт. FSDS менен ишке ашырлуучу аталган долбоорго компания дээрлик 2,6 млн сом салым кошту.



«Какыр» сугат каналынын курулушу талааларды сугаруу маселесин чечет.



Зеленый Гай айылындагы жаңы дамба калктын сугат сууга жетүүсүнө мүмкүндүк берет.



Инвестордун акчасына айыл өкмөтүнүн имараты оңдолуп, жылууланды.

# «КУМТӨР»: ЖУМУШКА КАБЫЛ АЛУУНУН ЖОЛ-ЖОБОСУ

Компанияда талапкерлерди тандоо боюнча төмөндөгү процедура кабыл алынган:

## ИШКАНАНЫН ИЧИНЕН ИЗДӨӨ

Ишканада пайда болгон бош орундарга талапкер болуп арыз берүү мүмкүнчүлүгүн биринчи ирет өзүбүздүн кызматкерлерибизге беребиз. Алардын кандидатураларына биринчилик

**КОМПАНИЯНЫН ИШТЕП ЖАТКАН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН АРАСЫНАН ТАЛАПКА ЫЛАЙЫК КАНДИДАТУРА ЧЫКПАСА, СЫРТТАН КЕЛГЕН ТАЛАПКЕРЛЕРДИН АРАСЫНАН ЖАҢЫ КЫЗМАТКЕР ТАНДАЛАТ.**

## БОШ ОРУН ТУУРАЛУУ ЖАРЫЯ

Жарыя компаниянын корпоративдик веб-сайтында, гезиттерде жана башка жалпыга маалымдоо каражаттарында жайгаштырылат. Зарыл болсо вакансия тууралуу жарыя жергиликтүү жамааттар арасында дагы таратылат. Туруктуу өнүктүрүү бөлүмү жергиликтүү бийлик органдары аркылуу элге маалымдоо жагынан керектүү жардамын берет.

## ЖУМУШКА КАБЫЛ АЛУУ ТУУРАЛУУ АРЫЗ

Жумушка кабыл алуу тууралуу арыздын формасын жергиликтүү айыл өкмөттөрүнөн жана ишкананын Бишкектеги, Караколдогу жана Балыкчыдагы бардык кеңселеринен алууга болот.

Кызмат ордуна талапкерлер квалификациялык талаптардын бардыгына жооп берип, тийиштүү иш тажрыйбасына ээ болушу зарыл.

## МАЕКТЕШҮҮ

Пайда болгон бош орунга адистиги, билими жана тажрыйбасы жагынан эң ылайык келген талапкерлер маектешүүгө чакырылышат.

## ТАНДОО

Тандоо жарыясынын жыйынтыгында жумуш ордуна эң ылайыктуу талапкердин кандидатурасы жетекчиликке ырастоо үчүн жиберилет.

Жумушка кирүүдөн мурда, тандалган талапкер медициналык кароодон жана эмгекти коргоо жана коопсуздук техника боюнча окутуудан өтүшү керек.

## КӨҢҮЛ БУРГУЛА

**«Кумтөргө» жумушка орношуу сатылбайт.**

**Сиздер кимдир бирөөгө акча төлөөгө милдеттүү эмессиздер.**

Эгерде сизди кимдир бирөө бул ишканага жумушка орноштурууну убада кылып, акча сураса, анда 0800 223-23-23 / 0312 90-07-07 телефон номерлерине чалыңыз. Мындай аракеттер мыйзамга да, ишкананын саясатына да каршы келет.

KUMTOR
КУМТОР




# КУМТӨРДӨГҮ ТОО КЕН ИШТЕРИ УЧУРДАГЫ ПЛАН БОЮНЧА 2026-ЖЫЛЫ АЯКТАЙТ. АНДАН АРЫ ЭМНЕ КЫЛАБЫЗ?

Ар бир үч жылда канадалык инвестор кенди пайдалануудан чыгаруу боюнча концептуалдык планды жаңылап турат. Компаниянын иши жабылганга чейин эки жыл ичинде Акыркы долбоорду берүү керек.

САНДАР
Кийинки мезгилдерде кенди иштетүүдөн чыгарууну баалоонун жалпы суммасы **58,7 млн** долларды түзөт. Кыйла олуттуу чыгымдар калдык чарбасына ($20,5 млн), бош тек үймөгүнө ($7,5 млн), карьерлерге ($6,1 млн), сууну тазартууга ($5,6 млн), жалпы жана административдик чыгымдарга ($6 млн), ошондой эле байкоолорго жана техникалык тейлөөлөргө ($3,5 млн) байланыштуу. Жалпы суммадан болжол менен **1,3 млн** доллар кенди иштетүүдөн чыгаргандан кийин беш жыл ичинде мониторинг жана текшерүү жүргүзүүгө сарпталат.

## Перспективалар чоң. Бирок тобокелдиктер да бар

"Кумтөрдүн" ишин улантуу – толук аткарыла турган тапшырма, - деп ири алтын казуучу компаниянын жетекчилиги 2018-жылы эле билдирген. Алтын казуучу үчүн жаңы перспективалар, ага ылайык, бюджетке салыктардын түшүүсү көбөйүп, бийик тоодо жайгашкан кенди эки жылдык геологиялык чалгындоо программасы ишке кирди.

Быйылкы жылдын тогуз айы үчүн берилген отчетунда инвестор бургулоо иштеринин жүрүшү жөнүндө айтып берген. Программа приоритеттүү жана перспективалуу түйүндөрдөгү 55 миң метр чалгындоо скважинасынан өтүү милдетин караган. Аймактар биринчи кезекте өзүнө Борбордук, Түштүк-Батыш жана Сары төр карьерлеринде жайгашкан аймактарды камтыйт, анда 2018-2019-жылдары оң жыйынтыктар алынган. III чейректе алмаз бургулоосундагы 45 скважина аткарылып, 11 412 метр жалпы узундуктагы 11 скважина кайра тазаланып иштелген.

- Компания "Кумтөр" кенин иштетүү мөөнөтүн узартуу планы боюнча тоо кен иштеринин өздүк наркын дагы караштырып, алтын ылгоо коэффициентин, ошондой эле бош тек үймөктөрүнүн туруктуулугу боюнча маалыматтарды да талдоо менен мындан аркы техникалык иш-чараларды улантууда. Техникалык иштер аяктаганда жаңы техникалык отчетту даярдоо пландалат, - деп белгиледи компаниядан, муну менен инвестор Кыргызстандагы коомдук-саясий окуялардын өнүгүшүнө тыкыр көз салып, долбоорго мындан ары инвестиция салуу мүмкүндүгүнө байланышкан тобокелдиктерди талдап жатканын да кошумчалады.

## Болчу ишке даярданып

Кенди иштетүү планынын учурдагы редакциясы 2026-жылы тоо кен иштерин аяктоону караганын эске сала кетмекчибиз. Кыргыз тарап менен келишим боюнча кенди иштетүүчү ар бир үч жылда кенди пайдалануудан чыгаруу боюнча концептуалдуу планды жаңыртып турууга, ал эми ишкана жабылганга эки жыл калганда Акыркы долбоорду берүүгө милдеттүү.

Мындай аракетке бир нече жылдан бери түрдүү варианттарды баалоо үчүн сыноо жана мониторинг жүргүзүүгө өбөлгө түзүп, экологиялык, ченемдик жана социалдык чөйрөлөрдөгү өзгөрүүлөрдү эсепке алуу үчүн убакыт берет. Компания Концептуалдык планды 1999-жылдан бери иштеп келүүдө. Өткөн жылдагы редакция бардык иштеп жаткан өндүрүштүк обьектилерди, ачык карьерлерди, бош тек үймөктөрүн кошуп, тазалоочу курулмалар менен бирге калдык чарба обьектилерин, алтын ылгоочу фабрикаларды жана кендин инфраструктурасын кошо камтыган.

Компания аны пайдалануудан чыгаруу боюнча алдына койгон милдеттер, өзүнө ченемдик талаптарды сактоону, экологияга калдык таасирин минималдаштырууну, калктын коопсуздугун жана обьектилердин геотехникалык туруктуулугун камсыздоону, жерди пайдаланууга жарактуу абалга чейин калыбына келтирүүнү, коомчулуктагы жана ишкердик ишмердиктеги социалдык тобокелдиктерди аныктоо жана төмөндөтүүнү өзүнө камтыйт.

## Бюджеттин бөксөрүүсү

Албетте, жер алдындагы запастардын начарлашы менен кенди жабуу боло турган иш. Бул жергиликтүү жана мамлекеттик деңгээлдерде экономикалык дагы, социалдык дагы кесепеттерди камтыйт, деп белгилейт компания.

Баарын мурда ички дүң продукттун кыскарышы күтүлүүдө. "Кумтор Голд Компани" алтын сатуу боюнча көрсөткүчтөрү азыркы деңгээлде 2022-жылга чейин сакталат, андан кийин жылына 40-50%га кыскарат. Акыркы 2026-жылы кенди иштетип алтын сатуу өткөн жылдардагы сатуу көлөмүнөн 15%га жакынды түзөт. Жыйынтыгында, ЭВФ болжолу боюнча, ИДП өсүүсү 2023 жана 2024-жылдары 3,4%га чейин кыскарат. Бул цифра реалдуу ИДПнын күтүлгөн өсүшүнөн (алтын өндүрүүнү эске албаганда) 4,45 өлчөмдө төмөн.

2022-жылдан кийин мамлекеттик бюджетке түшкөн киресенин олуттуу бөлүгүн түзгөн компания тарабынан төлөнүүчү салыктын көлөмү кыйла кыскарат. Мисалы, 2026-жылы түз салык төлөмдөрү 2019-жылы компания тарабынан жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн 13%га жакынын түзөт. Кыйыр төлөмдөр: КНС, жабдуучу өнөктөрдүн салык төгүмдөрү дагы азаят.

Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондуна төгүмдөрдөн жергиликтүү бюджетке түшүүлөрдүн киреше бөлүгү азаят. 2022-жылдан кийин компаниянын фондго төгүмдөрү 40-50га кыскарат. Бул кыскаруулар жана акырында төлөмдөрдү аяктоошы облустук бюджетке жана бүгүн ушул төгүмдөрдүн эсебинен каржыланып жаткан долбоорлорду колдоо мүмкүнчүлүгүнө катуу таасир тийгизет.

Ысык-Көл облусунун бийлиги ушундай бүдөмүк келечекке тынчсызданып инвестор менен бирге кен жабылгандан кийин да фонддун каражаттарынын бөлүгүн сактоону камсыздоо боюнча жолжоболорду иштеп чыгууда. Сөз кредиттик макулдашуулар жана каржылоонун багытын туруктуу жана кирешелүү долбоорлорго буруу тууралуу болуп жатат.

## Жумушсуздардын армиясы жана продукцияларды сатуу менен кызмат көрсөтүү рыногун жоготуу

Башка социалдык терс кесепеттердин арасында – кирешени жоготуу жана жумушсуздардын өсүшү. Бүгүн компания менен түз же келишим менен иштеген 3500гө жакын адам, "Кумтөр" жабылгандан кийин жумушсуз калышат. Подрядчылардын саны кенди иштетүүнүн калган мөөнөтүндө акырындап кыскара баштайт, анткени туруктуу кызматкерлердин штатынын төрттөн үч бөлүгүн түзгөн Ысык-Көл облусунун тургундары, 2024-жылдан кийин дароо кыскартылат. Болжолдонгондой, акыркы жылы ишканада болгону 192 штаттагы жумушчу жана подряддык уюмдардын 27 кызматкери калат.

«Кумтөр» компаниясынын жергиликтүү рыноктон сатып алуулары бардык иштетилүүчү чыгымдардын болжол менен 30%ын түзөт. Атап айтканда, инвестордун товарларына жана кызмат көрсөтүүлөрүнө жалпы чыгымдар 285 млн долларга жетти. Бул сумманын 71 млн доллары республиканын аймагындагы сатып алууларга сарпталган. Жабылуу мезгилиндеги алардын көлөмү 20дан 30 млн долларга чейин түзүп, 2026-жылы 12 млн долларга түшөт.

«Кумтөргө» өз продукциясын 7 миңге чейин адам иштеген 600дөн ашык кыргыз ишканалары жеткирет. Алар "Кумтөр" жабылгандан кийин ошол эле кирешени ала алабы, бул бизнес канчалык альтернативалуу сатуу жолун тапканына жараша болот.

"Кумтөр" ишинин токтошуна байланыштуу курч көйгөйлөрдүн тизмесин дагы улай берүүгө болот. Бул айылдардагы жакырчылыктын көбөйүшү жана жалпы жашоо сапатынын төмөндөшү, жол инфраструктурасынын, окуу жайлардын, фельдшердик-акушердик пункттардын курулушу өңдүү социалдык обьектилерди ишке ашыруудагы инвестордун колдоосуна таяна албаган жергиликтүү бийликтин "баш оорусу".

Азыр республиканын жетекчилиги Ысык-Көл регионундагы терс кесепеттерди кантип жумшартып, жумушсуздуктун кескин өсүп кетишине жол бербөө тууралуу ойлонушу керек. Эгер жогорку квалификациялуу адамдар колдоосуз калып, өз мамлекетине кереги жок болуп калса, алар жакшы жашоо издеп өлкөдөн чыгып кетиши мүмкүн. Квалификациялуу кадрларды жана «алтын колдорду» жоготуу – Кыргызстан үчүн жакшы сценарий эмес.

**Екатерина РОЗИНА.**
**Фото: kumtor.kg**



**Кен жабылгандан кийин ири алтын казуучу ишканада иштеп бай тажрыйбага ээ болгон адистер жакынкы же алыскы чет өлкөлөрдөн оңой жумуш таап алышы мүмкүн. Бирок бөтөн жерге кимдин кеткиси келет?**




Ар бир фотограф үчүн мындай сүрөт эң чоң ийгилик. Кумтөрдө уникалдуу жаныбарларды кадрга түшүрүү кыйла жеңил – алар адамдардан коркпойт жана аларга жакын аралыкка чейин барууга болот.

# ЭКОЛОГИЯГА КАМ КӨРҮҮ – ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮНҮН ӨБӨЛГӨСҮ



Кумтөрдүн кадимки семиз байырлоочусу.

**«Кумтор Голд Компани» жыл сайын курчаган чөйрөнү коргоо жана туруктуу өнүктүрүү жөнүндө отчет жарыялайт. Инвестор жаратылышты коргоо иш-чараларын башкарууга жооптуу мамилени өз ишинин маанилүү бөлүгү катары эсептейт.**



Бийик тоолуу катаал шарттарда бардык жандыктар жан сактоого далбас урушат.

## Негизги экологиялык багыттар

«Кумтөр» компаниясынын– Ысык-Көл облусунда алтын казуу боюнча ири инвестициялык долбоордун операторунун жылдык отчету – курчаган чөйрөнү коргоо боюнча негизги багыттарды өзүнө камтыйт.

2019-жылы аталган жаратылышты коргоо иш-чараларына инвестор 7,16 млн доллар жумшады. Мониторингке, суунун жана абанын лабораториялык анализдерине, тышкы консультанттардын кызмат көрсөтүүлөрүнө, калдыктарды керекке жаратууга, таштандыларды жана агындыларды тазалоого, ошондой эле экологияга тийгизген таасирин алдын алуу же минимумга түшүрүүгө чыгымдар эске алынды. Компания жаратылышты сактоочу иш-чараларды башкаруу системасын жакшыртууга, табигый экосистеманын маанилүүлүгүн жана анын өндүрүшкө таасирин түшүнүүгө багытталган максаттуу экологиялык долбоорлордун үстүндө иштөөнү улантууда.

"Кумтөрдүн" экологдору эл аралык консультанттар, Кыргызстандын Илимдер академиясынын окумуштуулары, Кыргыз улуттук агрардык университетинин аспиранттары жана адистери менен бирге изилдөөлөрдү кеңири жүргүзүү. Өткөн жылдардай эле, адистер Барскоон өрөөнүндөгү транспорттун кыймылына жана булгануу деңгээлине мониторинг жүргүзүшкөн, фаунаны изилдеп, кендин концессиялык аянтынын чегинде гидробиологиялык изилдөөлөрдү, анын ичинде Марко-Поло койлорунун, тоо текелеринин, карышкыр жана түлкүлөрдүн популяциясына байкоо салышкан. Калдык сактоочу аймактагы биотүрдүүлүккө цианиддин тийгизген потенциалдуу коркунучу талдоого алынды.

Башка изилдөөлөрдүн катарында – бузулган жерлерди калыбына келтирүүнүн ылайыктуу ыкмалары, кендеги калдыктарды керекке жаратуу жана көлөмүн кыскартууга байланышкан чыгымдарды оптималдаштыруу мүмкүнчүлүктөрү, ошондой эле лагерь үчүн тузсуз суунун булагы катары кызмат кылуучу Петров муз көлүнүн жарылуусун алдын алуу үчүн суунун деңгээлин контролдоо бар. Мындан тышкары, компания муз жана климатка илимий байкоо жүргүзүүнү улантууда.

Инвестор Кыргызстандын ӨКМ караштуу Гидрометеорология агенттиги менен өз ара пайдалуу макулдашуу негизинде иштөөдө. "Тянь-Шань-Кумтөр" кенинин метеорологиялык станциясы улуттук метеорологиялык тармактын бөлүгү болуу менен, ишкананы экстремалдык климаттык шарттардагы коопсуз жана эффективдүү иштөө үчүн маанилүү метео маалыматтар менен камсыздайт.

## Бийик тоонун кызыл китепке кирген байырлоочулары

Алтын казуучу компания табигый биотүрдүүлүктү сактоо жана курчаган чөйрөгө тоо өндүрүшүнүн терс таасирин төмөндөтүү боюнча өз милдеттерин катуу карманат. Бул милдеттерди ийгиликтүү чечүү жана биотүрдүүлүктү көбөйтүү үчүн компания жергиликтүү, мамлекеттик жана эл аралык өнөктөр менен кеңешүүдө.

Деңиз деңгээлинен төрт миң метр жогору, чокусу булут чалган бийиктиктеги кардуу суук каптаган аймактан кандай жаныбарларды жолуктурууга болот?

Тянь-Шань тоо кыркасы Борбор Азиядагы эң узун тоо кыркаларындын бири болуп эсептелет. Ал Кыргызстан менен Кытайдын 2 800 км аймагына созулат. Региондун өзгөчөлүгү – анын уникалдуу биотүрдүүлүгүндө. Бул жерде аркар жана Борбордук жана Түштүк Азиянын маданий символу болгон илбирс өңдүү жоголуп бараткан жаныбарлардын түрлөрү байырлайт. Бийик тоодо Кызыл китепке киргизилген корум кереңкуру (сары гүлдүү сууда өсө турган өсүмдүк), каакымдын жана жоогазындын эндемикалык (тарабаган) түрлөрү кездешет.

- Калдык сактоочу жайдын аймагында жана анын четтеринде окуудан өткөн адистер жапайы жаныбарларды мониторингдөө программасы боюнча күндөлүк ишти улантат. Ал ушул аймакта пайда болгон куштардын жана сүт эмүүчүлөрдүн жалпы түрлөрүн аныктоо жана эсептөө, ошондой эле обьект тарабынан жапайы жаратылышка терс таасиринин жоктугун тастыктоо үчүн иштелип чыккан. 2019-жылы калдык чарба аймагында сүт эмүүчүлөрдүн төрт түрү (боз суур, түлкү, карышкыр жана аркар) жана суулуу сазда байырлоочу канаттуулардын 24 түрү байкалган. Кендеги калдыктарды сактоо системасы мурдагыдай эле канаттуулар жана жаныбарлар үчүн цианидден уулануу коопсуздугу төмөн экенин мониторинг көрсөттү, - деп белгилешти компаниядан. Өткөн жылы кен аймагында башка дагы жаныбарлар дүйнөсүн изилдөө жүргүзүлдү. Экологдор заманбап аппаратуранын жардамы менен сандык эсеп жүргүзүп, көрүнөө курамын аныкташкан, табигый факторлордун натыйжасында, өзгөчө баалуу түрлөрүнүн көбөйүү жайларын аныкташып, алардын кыймылын, адатын жана жашоо образын байкашкан.

- 2019-жылкы байкоолордун учурунда кенде жана ага чектешкен аймакта 1 514 өзүнчө жашоочу организмдин ичинен сүт эмүүчүлөрдүн 10 түрү жана 6702 өзүнчө жашоочу организмдин ичинен канаттуулардын 43 түрү аныкталган.

Кумтөр кенин өнөр жай катары иштетүү бүгүн жаныбарлар катуу кайтарылган жана антропогендик таасирге кабылбаган алдыңкы өндүрүштөрдүн биринин үлгүсү болуп эсептелет. Кендин аймагында оор техника иштегенине карабастан, кийиктер жана жырткычтар адамдын жүргөнүнөн чочушпайт. Бул өзгөчөлүктү изилдеген кыргызстандык эксперттер, жырткычтарга аңчылык кылуу сезонунда алар тескерисинче жакынкы аңчылык аймактарынан жабык кайтарылуучу зонага качып келерин, анткени бул жерде өздөрүн коопсуз сезерин бир нече ирет белгилешкен.

Кен жабылгандан кийин жаныбарлар дүйнөсүндө эмне болоруна жана аларды аңчылардын куралынан кантип арачалап калууга ойлонууга ушул жетиштүү эмеспи?

**Екатерина РОЗИНА.**
**Фото: kumtor.kg.**





Ысык-Көлдүн түштүк жээгиндеги Кара-Талаа айылына жакын жерде жайгашкан жарым аралда уникалдуу канаттуулардын жүздөгөн түрлөрү жашайт.





# АК КУУЛАР КАЙДА КЫШТАШАТ?

**Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде 5-декабрда келгин куштардын өзгөчө Фестивалы болуп өттү.**



Сергей Кулагиндин айтымында, быйыл октябрь айында жарым аралда бир эле мезгилде 13 миң келгин куш болгон.

Ысык-Көл келгин куштар байырлай турган жайлуу жер экенин көпчүлүк адамдар биле беришпейт, бул жерде 80 миңге жакын канаттуу кыштап калышат. Канаттуулардын сүйүктүү кыштоочу жери – Ак-Булуң жарым аралы. Ал Кара-Талаа айылынан алыс эмес жайгашкан. Бул жерде жүздөгөн уникалдуу куштардын түрлөрү байырлайт, ал эми учуп келүү жана кетүү мезгилинде, тактап айтканда жазында жана күзүндө – арал анык аншлагга айланат. Бул жай миңдеген куштарга узакка учуу убагында тыныгуучу жана азыктануучу өрүү катары кызмат кылат. Кыргызстандын окумуштуулары Ысык-Көлгө токтогон куштардын эсебин дайыма жүргүзүп турушат.

**Улуттук илимдер академиясынын Биология институтунун илимий кызматкери, илимдин кандидаты Сергей Кулагиндин** айтымында, быйыл октябрь айында жарым аралда бир эле мезгилде 12-14 ар кандай түрдөгү 13 миң келгин куш катталган, алар Россия жана Казакстанга, Индия менен Пакистанга кыштоого багыт алышкан.

- Ак-Булуң – бул өзгөчө жер. Бул жарым арал көчүп жүргөн канаттуулар үчүн гана эмес, бул жерде кыштап жана тукумун улагандар үчүн да чоң мааниге ээ. Учуп келүү жана кетүү, ошондой эле кыштоо мезгилинде бул жерден Кызыл китепке кирген, өтө сейрек кездешүүчү ар түрдүү канаттууларды көрүүгө болот. Булар – суучул куштар, ак куйрук суу бүркүттөрү, өрдөктөрдүн сейрек кездешүүчү түрлөрү, суучул өрдөктөр, - дейт Сергей Кулагин.

Азыр Ак-Булуң жарым аралында кыштоого үч миңге жакын куулар калды, алар – Тундрадан кыштоого келген куркулдак куу жана Казакстандан келген ышылдак куулар. Жарым аралда кышкысын суучул өрдөктөрдү көрүүгө болот, алардын кээ бирлери өтө сейрек кездешүүчүлөр. Бул өрдөктөр жей турган балырларды табуу үчүн 10-12 метр тереңдикке чейин чумкуй алышат.

Чет элдик туристтер үчүн Ак-Булуң жарым аралы чыныгы табылга болуп эсептелет. Ушул жерде гана тибеттик торгой түркүмүнө киргендер жашайт. Кичинекей тумшугу бар, кадимки боз чымчыктай көрүнөт, бирок биздин торгойдун үнү жана жүнү башкачараак.

Жакындан баштап, БУУӨП, ГЭФ жана "Кумтөр Голд Компаниясынын" колдоосу менен жарым аралда Ак-Булуң жамааттык кичи коругу иштеп баштады.

**Екатерина УЛИТИНА, vb.kg.**
**Фото: Нуржан АЛЫМКАНОВА, Филип КАМПО.**

«КУМТӨР» ЖАҢЫЛЫКТАРЫ
«Комсомольской Правда» Кыргызстан» гезитинин атайын саны
Басып чыгаруучу: ОсОО «Медиа Пресс»
«Комсомольская Правда - Бишкек»
Юстиция башкармалыгынан өткөн катталуу күбөлүгүнүн № 2067

Башкы директору: Ж. КЕРИМБАЕВ
Башкы редактордун милдетин аткаруучу: Ю. ХОХЛОВА
Жооптуу катчы: А. ВЛАДИМИРОВ
Дизайнер: Т.НУРМАНБЕТОВ

АДРЕС: 720040, Бишкек ш., Токтогул көч., 169

ТЕЛЕФОН: (0-312) 88-31-31
Гезит редакциянын компьютердик борборунда жасалды.

«ММК колдоо борбору» фондунун басамканасында басылды.
Дареги: Бишкек шаары, Горький көчөсү, 1 «Б».
Буйрутма №1544. Нускасы 25 000 даана
Редакция авторлордун жарыяланган материалдары үчүн жоопкерчиликти өзүнө албайт.

# КОРОНАВИРУСТУ АЛДЫН АЛУУ




*Сүрөтчү: Руслан Валитов.*